# БИЗДИН СҮЙКҮМДҮҮ ЧУКА



Автор: Нурия Умерова

Сүрөтчү: Светлана Насынбатова

Которгон жана адаптациялаган: Абдыкерим Муратов

# БИЗДИН СҮЙКҮМДҮҮ ЧУКА

Автор: Нурия Умерова
Сүрөтчү: Светлана Насынбатова
Которгон жана адаптациялаган: Абдыкерим Муратов

Кыргыз тилинде
Бишкек-2022

Copyright © 2022, Бул чыгарма Creative Commons Attribution 4.0 Эл аралык лицензиясы (https://creativecommons.org/licenses/by/4.0/) боюнча лицензияланган.

http://creativecommons.org/licenses/by/4.0/
Бул ишти коммерциялык максаттарда колдоно аласыз. Бул чыгарманы адаптациялап, толуктай аласыз. Авторлордун, иллюстраторлордун ж.б. автордук укугун жана өздүк маалыматтарын сакташыңыз керек.

"Биздин суйкумду Чука" (кыргыз тилинде), автор Нурия Умерова, сүрөтчү Светлана Насынбатова, Абдыкерим Муратов тарабынан которулуп адаптацияланган.

*Наш симпатичный Чука*, Copyright © 2021, Эта работа лицензирована по международной лицензии Creative Commons Attribution 4.0. (https://creativecommons.org/licenses/by/4.0/) түп нускасынан ылайыкташтырылган. CC BY 4.0 лицензиясы негизинде лицензияланган.

Бул басылма АКШнын эл аралык өнүктүрүү боюнча агенттиги (USAID) аркылуу көрсөтүлгөн Америка элинин колдоосу менен түзүлдү. Басылманын мазмуну USAIDдин же АКШ Өкмөтүнүн пикирин милдеттүү түрдө чагылдырбайт.

Created with Bloom



Чакан шаарчада атасы, апасы, кызы жана уулу болуп, ынтымактуу бир үй-бүлө жашаган экен. Алар тоого, токойго эс алууга барганды жакшы көрүшчү. Бир жолу Элина жана Дастан токойго козу карын тергени барыштыү. Жалгыз аяк жол менен бара жатып, токойдун ичинен кооз шалбааны көрүштү. Ал жерде көп козу карындар жана сыя көк  гүлдөр өсөт экен. Балдар токойду аралап алыс кетип калгандарын байкабай калышты.



Мурда ушундай кооз шалбааны көрүшкөн эмес эле. Козу карын көп болгондуктан, кызыгып терип жатышты.

– Дастан, карасаң, кичинекей бачикилер! – деди таң калган Элина.

– Ха-ха, алар биз менен ойноп жатышат! – деп Дастан күлүп калды.

Бачикилер бирде көрүнүп, бирде көрүнбөй калып жатты. Көрүнгөн сайын, алар бирде жаңгак, бирде алма калтырып коюшат.

– Сыйкырдуу шалбаа турбайбы! – деди Дастан сүйүнүп.

Күтпөгөн жерден, нөшөрлөп жаан төгүп кирди. Бир туугандар үйдү көздөй чуркап жөнөштү. Бир аз жүргөндөн кийин, алар тааныш эмес жолго түшкөнүн байкап калышты.

– Элина, биз адашып калдык окшойт!

– Эч нерсе эмес, Дастан, жолду таап алабыз.

– Апама, атама барам! – деп бала ыйлап жиберди.



Элина менен Дастан токой аралап кете беришти. Бир маалда чым баскан, терезелери караңгы болгон чоң жыгач үйдү көрүштү. Үй төрт кыйшык устунга орнотулуптур. Жарака кеткен жашыл айнектен жарык түшүп турат. Кырч-кырч деп үн чыккан үй балдарга аябай коркунучтуу көрүндү. Кийими суу болуп, үшүп калган балдар, корккондоруна карабай, эшикти кагышты.

– Бул ким? – деген коркунучтуу үн угулду.

– Биз адашып калдык, суу да болдук, үйгө кирсек болобу? – деди Элина.




Эшик ачылганда, балдар желмогузду көрүштү. Анын бою чоң, шкафтай бийик экен. Чачышкан жашыл чачы желмогуздун чекесинин ортосундагы жалгыз көзүн жаап турат. Кийимдери кир, айрык экен. Балдар артка кетенчиктей калышты, бирок кеч болуп калган эле.

– Киргиле! – деди желмогуз күрүлдөгөн коркунучтуу үнү менен.



Үй жылуу экенине балдар кубанып кетишти. Дубалга конуп турган жарганаттар, илинип турган кургатылган чөптөр балдардын жүрөгүн түшүрдү. Терезенин жанында стол турат. Анын үстүнө баканын куурулган буттары, кургатылган козу карындар жана алмалар коюлуптур. Киргил суюктук куюлган айнек идиш турат. Желмогуз өз тамагынан балдарга сунду. Бирок балдар алманы гана алып, Дастандын апасы салып берген термостогу шиределен ичишти.



Түн кирди. Желмогуз уктап калды. Балдар уурданып сыртка акырын жылып жөнөштү.

– Эй, силер кайда!? – деди токой желмогузу балдарды көрүп.

Аларга мештин жанындагы жата турган жайды көрсөтүп, кол жаңсады. Балдар анын тилин алып, бири-бирин кучактап жатып алышты. Желмогуз үйдөн чыгып, эшикти сыртынан жаап койду. Ал түн бою токойду кыдырып, канаттууларды, айбанаттарды чочутуп жүрдү.



Эртеӊ менен Элина бир тууганын ойготту. Башка бөлмөдөн суу куюла турган идиш тапты.

– Сууну кайдан алабыз? – деди Дастан. Көз ачып жумганча, идиште таза суу пайда болду. Балдар жуунуп алышып, калган таза сууга жалбыздын жалбырактарын салып коюшту. Жыттуу чай пайда болду.

– Сыйкырдуу идиш экен го! – Элина сүйүнүп калды.

Балдар жалбыз чайы менен жаӊгак жешти.

– Үйгө кетким келип жатат! Апа! Ата! – Кичинекей Дастан кайра ыйлай баштады.



Эшик ачылып, үй ээси кирди. Жарыкта ал мурдагыдан да коркунучтуу көрүндү. Көгүлтүр денесин тактар баскан, кир үрпөйгөн чачтары, бутунда жана колунда үчтөн ийрейген манжалары үрөйдү учурат. Өзгөчө балдарды чоң мурду менен курч тиштери бар чоң оозу коркутту.

Желмогуз балдарга шекшип карап турду. Анын кебети коркутса, узун кирпиктүү жалгыз жашыл көзү татынакай эле.



Желмогуз колуна ондой бака көтөрүп алыптыр.

– Кечээ мен силерди аяп, киргиздим. Мен берген тамактан жеп, үйүңөргө кеткиле! – деп бакаларды стол үстүнө таштап койду.

– Бака жебейбиз! Сен – жапайысың! – деди Дастан.

– Кой, Дастан, мындай кылган болбойт.

– Чай ичесизби? Чайды идишиңизге кайнаттык. Ал сыйкырдуу экен. Ичип көрсөңүз! – Элина жылмайып, желмогузга чай сунду.

Желмогуз чыныны тигиле карап, чайдан ууртап көрүп, ыраазы болуп калды. Аны эч ким, эч качан чайга чакырган эмес.

– Даамдуу экен! Менин атым Чука, – деп күрүлдөбөй назик сүйлөдү.



Балдар Чукага сюрприз даярдамак болушту. Эртең мененки тамактан соң, шалбаага чыгышты. Күн жаркырап тийип турган. Аларга кечээки  келген жалгыз аяк жол көрүнгөн жок.


Шалбаадан бачикилерди көрүштү.

– Бизге жашылча жана жемиш таап бергилечи, – деп суранды Элина. Бачикилер балдарга картошка, пияз, помидор, алма, буурчак, карагат алып келип беришти.

– Бачикилер, рахмат! – деп Элина ыраазычылыгын айтары менен, бачикилер жок болуп кетишти.

– Мага чипсы жана кола керек, – деди Дастан.

– Дагы эле өзүңдүн жакшы көргөн тамактарыңды айтып жатасыңбы? Чипсы, кола – зыяндуу азыктар. Дагы жакшы, алар бул жерде жок. Ошондуктан түшкү тамакты өзүбүз даярдайбыз, – деди Элина.



Чука кайра келген балдарды көрүп, сүйүнүп кетти. Дастан жана Элина сыйкырдуу идишке картошка, буурчак жана пияз салышты. Идиш күрүлдөп үн чыгарып, айланды. Абдан даамдуу тамак даяр болду. Сыйкыруу идишке жемиштерден компот да кайнатышты.

– Ох, кандай таттуу! Мен мындай даамдуу тамакты эч качан жеген эмесмин! – Чука ыраазы боло балдарды мактады. – Жүргүлө, эми ойнойбуз!

Балдар Чука менен кубалашмай жана жашынмак ойношту. Чогуу ойногон абдан көңүлдүү болду. Чука бир туруп дарак болуп, бир туруп бадалга айланып, балдардын көңүлүн ачты. Укмуштуу желмогуз кубанып, күлүп, мурдагыдай коркунучтуу болбой калды.



– Ай, ай! Ооруп кетти! – деп Чука бир күнү ойнобой, кыйкырып жатып калды.

– Сага эмне болду, Чука?

– Ичим ооруп жатат! – Чука ыйлап жиберди.

– Эмне жедиң эле? – деп Элина боору ооруп сурады.

– Козу карын жана баканын куурулган буттарын эле жегем.

– Козу карын бузулуп калган окшойт! – деди Дастан болжолдоп.

– Чука, сени дарылайбыз! – деди Элина. – Менде дары бар. Апам Дастан өрүктү жуубай жеп алып, ичи ооруганда берген.



Балдар Чуканы төшөктөн тургузбай, дары жана жалбыз чай берип жатышты. Жанына отуруп, шаардагы жашоо тууралуу айтып беришти.

– Чука, тезирээк айыксаң, сени менен сыйкырдуу шалбаага чогуу барабыз. Ал жер сага, албетте, жагат! – дешти балдар бир ооздон.

Чука менен балдар достошуп калышты. Ал айыгып калганда, балдар досуна жардам берүүнү ойлонушту. Чукага жөнөкөй нерселерди, мисалы, шалбаада өсүп турган жашылчалардан шорпо жана салат жасоону, үйдү таза кармоону үйрөтүштү.



– Чука, сенин үйүңдө  буюмдар өтө эле көп! Аларды кайдан алгансың? – деп сурады Дастан.

– Меники эмес, токойчунуку. Жакында эле өзүм жалгыз жашагым келип, саздан качып келгем. Токойчу таштап кеткен үйүндө жашап калдым. Үйдө эмне бар экенин жакшы деле билбейм, – деди Чука.

Бурчтан балдар ар кандай аспаптар салынган сандык табышты. Ичинде бөтөлкөдө уруктар бар экен. Дастан өсүмдүктөрдүн үрөнү тууралуу мультфильм көргөнүн эстеди.

– Чука, бул жерде үрөн көп экен! Үрөн сээп, жашылча жана ашкөк өстүрсөң болот.


Балдар жерди күрөктөп казып, үрөн себиши.



Кечинде, Чука жана балдар көлгө жөнөштү. Ал жакта да жашынмак жана кубалашмай ойношту. Чука балдарга бакка абайлап чыгууну, көлдө сүзүүнү үйрөттү. Анын узун чачтары бетине түшүп, көзүн жаап, тоскоолдук кылып жатты. Эч нерсе көрбөй, улам мүдүрүлө берди.

Балдар Чукага чачтарын кыркып салууга кеңеш берди. Сандыктан кайчы, тарак жана таза кийимдерди табышы.

– Бир эле көзү болсо да, биздин Чука сулуу, – деди Элина анын чачтарын кыркып жатып.



Элина желмогуздун чачтарын кыркты, тырмактарын алып берди. Дастан болсо самын чөптүн тамырын таап келип, жуунганды үйрөттү. Балдар Чуканын көлдө жуунуп, кийинип келерин күтүштү.

Чука таза, көңүлү ачык, жыпар жыттуу жана сүйкүмдүү болуп таптакыр өзгөрүп калди. Балдар кубанып, кол чаап Чуканы кучактап жиберишти.

– Таза болгон кандай сонун! Силер сыйкырчы экенсиңер! Ыракмат! – Чука кубанганынан жашып кетти.



Чуканын жашыл көзүнөн чыккан жаш ачык-көгүлтүр терисине тамчылап жатты.

– Эмне үчүн сенин териң көк? – деп сурады Дастан.

– Ушундай эле болчумун. Кичинекей кезимде эле токойдон Суупери таап алыптыр. Саздын жашоочулары – Суупери, Русалкалар менен чогуу өстүм. Токойдо даамдуу тамактар болорун билген эмесмин! Бака, курт, балыр жечүмүн. Жуунбай эле жүрө берчүмүн. Ошону үчүн менин ичим көп ооруйт.

– Бечара, адамдардан жардам сурашың керек болчу, – деди Элина боору ооруп.



– Мен адамдардан коркчумун. Алар мени көргөндө, «Желмогуз! Жогол!» деп кыйкырышат. Алар менен таанышкым, достошкум келчү.

– Сен сүйкүмдүү жана боорукерсиң. Сени менен кызыктуу. Бирок ата-энебиз тынчсызданып жатат. Үйгө кетишибиз керек, – дешти балдар.

– Силердин жылуу мамилеңерди, жардамыңарды эч качан унутпайм.  Мага боорукердик мамиле кылбасаңар, каардуу желмогуз бойдон калмакмын, – деп Чука адегенде кайгырып, анан жылмайып койду.

Силерди күтөм, конокко келип тургула. Кызыл Түлкү силерди



– Сага да ыракмат! Кош бол, Чука! Жуунуп турганды унутпа! – деп балдар Чуканы кучактап, коштошушту.

Түлкү балдарды тез эле үйүнө жеткирип койду. Ата-энелери алардын  жоголгонун байкабай деле калышыптыр. Себеби, токойдогу убакыт менен шаардагы убакыт айырмаланып турат экен.

Балдар себет толо козу карын, жемиш алып келишти. Апасына бир кучак гүл белек кылышты.



Боорукердик жана камкордук дүйнөнү сулуу кылат. Чука көңүлдүү жана таза жүрүп, аябай өзгөрдү. Ошондон бери саздын жашоочулары да андан үлгү алып, жууна башташыптыр.

Элина жана Дастан ата-энесин Чука менен тааныштырышы. Балдар да досунукуна тез-тез барып турушат. Достору келген сайын, Чука даамдуу шорпо бышырып берет.

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАНА ИЛИМ МИНИСТРЛИГИ

USAID АМЕРИКАНЫН ЭЛИНЕН


Автор: Нурия Умерова
Сүрөтчү: Светлана Насынбатова
Которгон жана адаптациялаган: Абдыкерим Муратов



USAID "Окуу керемет!"
долбоору Кыргыз Республикасы


| | |
|---|---|
| 1-класс | 1.1 деңгээли |
| | 1.2 деңгээли |
| | 1.3 деңгээли |
| 2-класс | 2.1 деңгээли |
| | 2.2 деңгээли |
| 3-класс | 3.1 деңгээли |
| | 3.2 деңгээли |
| 4-класс | **4.1 деңгээли** |
| | 4.2 деңгээли |